DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



***ИСКУССТВО ТААНУУ***
***ИСКУССТВОВЕДЕНИЕ***
***ART STUDIES***

*Тиленчиев К.А.*

## СУЛТАН ЮСУПОВ ПРОФЕССИОНАЛ КЫРГЫЗ ХОР АТКАРУУЧУЛУГУНУН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ

*Тиленчиев К.А.*

## СУЛТАН ЮСУПОВ ОСНОВАТЕЛЬ ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО КЫРГЫЗСКОГО ХОРОВОГО ИСПОЛНИТЕЛЬСТВА

*K. Tilenchiev*

## SULTAN YUSUPOV IS THE FOUNDER OF PROFESSIONAL KYRGYZ CHORAL PERFORMANCE

*УДК: 941(47):81.415*

*Бул макалада Кыргыз Республикасынын Эл артисти, профессионал кыргыз хор аткаруучулугунун негиздөөчүсү, профессор Султан Юсупович Юсуповдун кыргыз музыка искусствосунун калыптанышына жана өнүгүшүнө кошкон зор салымы тууралуу баяндалат. Султан Юсупов биринчилерден болуп Москва консерваториясынын Хор дирижёрлугу кесиби боюнча бүткөн биринчи профессионал кыргызстандык. Ал консерваторияда окуп жүргөн мезгилде эле хорду дирижирлөө практикасын ССР Союзунун Чоң театрында өтөт. Себеби анын педагогу РСФСРдин эл артисти А.Б. Хазанов болгон, ал ушул театрдын хормейстери болуп иштеген жана дал ушул театрда чоң тажрыйба алат. Опера балет театрынын түптөлүшүнө, ошондой эле театрдагы хор коллективинин профессионалдык жактан өсүшүнө Султан Юсупов өз салымын, билимин кошот. Ошондой эле, театрдын сахнасына ата мекендик жана чет элдик композиторлордун операларын алып чыгат. Султан Юсуповдун хор үчүн жазган чыгармалары жана хор үчүн кайра иштеп чыккан чыгармалары бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстандагы хор коллективдеринин репертуарынан түшпөй аткарылып келет.*

***Негизги сөздөр**: артист, профессионал, хор, профессор, искусство, консерватория, хор дирижёрлугу, театр, хормейстер, тажрыйба, коллектив, репертуар.*

*В данной статье рассказывается о значительном вкладе Народного артиста Кыргыз Республики, основоположника профессионального кыргызского хорового исполнительства, профессора Султана Юсуповича Юсупова в становлении и развитии кыргызского музыкального искусства. Султан Юсупов стал первым профессионалом Кыргызстана, окончившим Московскую консерваторию по специальности Хоровое дирижирование. Еще во время учебы в консерватории проходил практику хорового дирижирования в Большом театре Союза ССР. Потому что его педагогом был народный артист РСФСР А.Б. Хазанов, который работал хормейстером этого театра и именно в этом театре он получает большой опыт. Султан Юсупов вносит свой вклад в становление театра оперы и балета, а также в профессиональное развитие хорового коллектива театра. Также на сцене театра ставятся оперы отечественных и зарубежных композиторов. Произведения Султана Юсупова для хора и переработанные произведения для хора до сих пор исполняются в репертуаре хоровых коллективов Кыргызстана.*

***Ключевые слова:** артист, профессионал, хор, профессор, искусство, консерватория, хоровое дирижирование, театр, хормейстер, практика, коллектив, репертуар.*

*This article describes the significant contribution of the People's Artist of the Kyrgyz Republic, the founder of professional Kyrgyz choral performance, Professor Sultan Yusupovich Yusupov in the formation and development of Kyrgyz musical art. Sultan Yusupov became the first professional of Kyrgyzstan to graduate from the Moscow Conservatory with a degree in Choral conducting. While studying at the Conservatory, he practiced choral conducting at the Bolshoi Theater of the USSR. Because his teacher was the People's Artist of the RSFSR A.B. Khazanov, who worked as a choirmaster of this theater and it is in this theater that he gets a lot of experience. Sultan Yusupov contributes to the formation of the opera and ballet theater, as well as to the professional development of the choral collective of the theater. Operas by domestic and foreign composers are also staged on the stage of the theater. Sultan Yusupov's works for choir and revised works for choir are still performed in the repertoire of choral collectives of Kyrgyzstan.*

***Key words:** artist, professional, choir, professor, art, conservatory, choral conducting, theatre, choirmaster, practice, group, repertoire.*

Кыргызстандын хор искусствосун негиздөөчүлөрүнүн бири, профессор, Кыргыз эл артисти Юсупов Султан Юсупович – 1918-жылы Чүй областындагы Сокулук районундагы Төш-Булак айылында туулган. 1935-жылы ал кездеги Фрунзе азыркы Бишкек шаарына келип Курулуш техникумуна тапшырат. Окуунун алгачкы күндөрүнөн тартып, өз демилгелүү ийримдерге активдүү катыша баштайт, хордо ырдайт. Майрамдык концерттерди уюштуруп турат. Уюштурган концерттери ийгиликтүү өтүп, музыканы сүйүп, ага болгон тартылуусу күндөн-күнгө күчөй берет. Ошентип 1938-жылдан баштап С.Ю. Юсупов Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын хорунда, хордун артисти болуп эмгектене баштайт.

Театрдын чыгармачылык бөлүмүнүн иш-чараларына эң эле активдүү катышуусу, теориялык дисциплиналарды үйрөнүп, вокалды өркүндөтүүсү, анын хор искусствосуна болгон кызыгуусун арттырды.

Театрдын жетекчилиги музыканттын энтузиазмын жана өсүп жаткан чеберчилигин көрүп, белгилеп аны Москва шаарына, Москва консерваториясынын

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



алдындагы улуттук студияга окууга жиберет. С.Ю. Юсупов келечектеги хормейстер кесибинин негиздерин изилдөөгө шыктануу менен киришет.

Улуу Ата Мекендик согуш башталып, анын окуусу үзгүлтүккө учурап, ал Фрунзе шаарына кайтып келет. Кайтып келип Кыргыз Республикасынын мамлекеттик хорунда ийгиликтүү жана жемиштүү эмгектене баштайт.

Хор искусствосунун табияты жетекчи-хормейстердин ишмердүүлүгүн өзүнчө, хор коллективинин ишмердүүлүгүн өзүнчө бөлүп талдоо мүмкүн эмес, башкача айтканда, хор искусствосу коллективдүү чыгармачылык искусство катары хор менен дирижёрдун биргелешип жараткан эмгеги экенин билдирет. Бул, дирижёр-хормейстер хорсуз, ал эми хор дирижёр-хормейстерсиз өздөрүнүн ишмердигин көрсөтө алышпайт дегенди билдирет.

С. Юсуповдун хордук аткаруучулугунун өнүгүшүнө кошкон чыгармачылык зор салымын жогору баалап, Кыргызстандагы профессионал хор искусствосунун жаралышынын жана өнүгүшүнүн башатына кайрылалы. Ушул максатта биз өткөнгө кайрылып көрөлү.

1939-жылы Фрунзе шаарында Кыргыз мамлекеттик филармониясынын алдында А. Воронцовдун жетекчилигинин астында хор түзүлгөн. Өз убагында, согушка чейинки кыргыз улуттук искусствосунун жетишкендиктеринин эң жогорку көрсөткүчү бул Москва шаарында өткөн Кыргыз искусствосунун декадасы болду. Хор коллективи, бул кароо-сынакка өтө кылдаттык менен даярданды. Эң кыска убакытта хор, кыргыз авторлорунун жана бир тууган республикаларынын композиторлорунун чыгармаларын жаттап чыгышат. Мамлекеттик хордун декадада аткаруусу ийгиликтүү болду, жана мындан аркы хордун иши үчүн кубаттуу чыгармачылык стимул болуп калды.

1940-жылдан баштап мамлекеттик хорду Я.Чмелёв жетектейт. Улуу Ата мекендик согуштун жылдарында хордо, жаңыдан чыгып келе жаткан хормейстер С.Юсупов иштей баштайт. 1944-жылдын 25-февралынан 13-мартына чейин Ташкент шаарында Орто Азия республикаларынын музыкасынын экинчи декадасы өтөт. Ошол декадада, чыгармачылык декадага катышкан жамааттардын ичинде, С.Ю. Юсупов жана Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер Я. Чмелёв жетектеген мамлекеттик хор өзгөчөлөндү. Хор Т. Сатылгановдун сөздөрүнө жазылган В.Белыйдын “Насылкан”, В. Ференин “Бешик ырын” жана башка татаал чыгармаларды аткарышкан.

Талыкпаган эмгектин аркасында мамлекеттик хор коллективинин аткаруучулук чеберчилиги жогору бааланып ага биринчи сыйлык берилет. Белгилүү му-зыка сынчысы В.С. Виноградов: “Кыргыз хору – республикадагы кесипкөйлүктүн эң сонун очогу, ал эң кылдат мамилеге татыктуу. Анын тажрыйбасы бир тууган республикаларда эске алынат жана колдонулат”.

Мамлекеттик хордун репертуарына, чоң чеберчиликти талап кылган аткаруудагы чыгармалар кошулду. Алар: П.И. Чайковскийдин “Булбул”, В. Калинниковдун “Торгой”, Орландо Лассонун “Жаңырык” аттуу чыгармалары. Ырчылардын техникалык өсүшүн эске алып, республиканын композиторлору өз чыгармаларын хорго ылайыктап чыгарып, активдүү иштей башташат. В.Фере “Улуу акынга”, А.Темировдун “Беш ыргай” аттуу ырын жана башка ырларды хорго иштеп чыгышкан. Мамлекеттик хор өзүнүн чыгармачылык жолун Ч. Жумакановдун жана Р.Е. Хубларовдун жетекчилиги астында уланткан. Хор коллективи С.Ю. Юсуповдун көөнөрбөс талантынын аркасында, Советтер Союзунун көптөгөн шаарларын кыдырып гастролго чыгышат, өз өнөрлөрүн эң жогорку деңгээлде элге тартуулашат.

1944-жылы С. Юсупов окуусун улуттук студияда улантып, аны аяктагандан кийин Москва консерваториясынын дирижёр-хор факультетинин негизги курсуна профессор, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, РСФСРдин Эл артисти А.Б. Хазановдун классына тапшырган. Мындай хормейстерден билим алуу бир эле учурда кыйын, ошол эле учурда оңой да болгон. Эмне үчүн кыйын, анткени, А.Б. Хазановдун зор тажрыйбасы, зор пландары, жаркын таланты болгон. Кызыкчылыктары жана умтулуулары бир талanttуу жаратуучуларды бириктирген өз ара түшүнүшүүнүн аркасында үйрөнүү оңой болду.

Хор партитурасынын үстүндө иштөө методикасын түшүнүү үчүн хорду дирижирлөө практикасы консерваториянын окуу аудиторияларында гана эмес, ССР Союзунун Чоң театрында да өтөт, себеби ал жерде С.Ю. Юсуповдун педагогу хормейстер кызматын ээлеп турган. Атактуу театр хорунун аудиториялык жана сахналык репетицияларына катышуу мүмкүнчүлүгү С. Юсуповдун өз кесибинин чеберчилигине жетишине эң чоң пайда алып келди.

Экзамен алдындагы практика Чоң театрдын хорунда өтөт, ал жерден С.Юсупов хормейстерлик кесипти туура тандаганына көзү жетет. Ал, А.Б. Хазановдун классынын эң мыкты бүтүрүүчүсү, Р.Шумандын “Кыялдар” (“Грёзы”) жана М.В. Ковалдын “Емельян Пугачёв” операсынан Пугачёвдун өлүм жазасын эң жогорку деңгээлде дирижирлеген. Мамлекеттик комиссиянын он эки_экзаменаторунун ичинен төртөө – “5”, ал эми калган сегизи – “5 плюс” коюшат. Бул күндү С.Ю. Юсупов, жашоосундагы эң бактылуу күндөрүмдүн бири деп эсептеген. С.Ю. Юсупов – П.И. Чайковский атындагы Москва мамлекеттик консерваториясында жогорку хормейстер-дирижёр билимин алган биринчи кыргызстандык.

Алдыда талыкпаган эмгектин жана күйүп жаткан чыгармачылыктын жарым кылымдык жолу.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Султан Юсуповдун өмүрү жана чыгармачылык жолундагы маанилүү орду Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрындагы ишмердүүлүгүнө таандык. Бул жерден анын музыкант-аткаруучу, дирижёр-хормейстер жана уюштуруучу катары жаркыраган таланты ачыкка чыкты.

С. Юсупов (1950-жылдан тартып) элүүдөн ашык спектаклдерде хор жана хордук сахналарды даярдады, алардын катарында чет элдик жана орус классиктеринин, кыргыз композиторлорунун операларынын чыгармалары бар. Көп жылдык чыгармачылык ишмердүүлүгүндө ал мыкты үндү жана эң жогорку аткаруу маданиятына ээ болгон укмуштуудай хор жамаатын түзгөн. Көп жылдар бою республикада жападан жалгыз кесипкөй академиялык хор коллективи болуу менен бирге (1972-жылы Кыргыз теле-радиосунун хору түзүлгөнгө чейин), хор коллективи майрамдык жана автордук концерттерди даярдап, мамлекеттик теле-радионун фондуна хор музыкасын жаздырып турган.

Элүүнчү жылдары театр классиканы активдүү өздөштүрүүгө чечкиндүү багыт алган. Бул мезгилде С.Юсупов менен бирге эле театрдын труппасына жаш артисттер келишип, алардын аттары менен кыргыз театр искусствосунун ырааттуу өсүшү байланышкан. Алар А. Жумакматов, сүрөтчү А. Арефьев, режиссёр В.Шахрай, балетмейстер Н. Тугелов жана башкалар. Ошол мезгилде, алардын энергиясынын, чеберчилигинин, көөнөрбөс талантынын аркасында, театр сахнасында: А.П. Бородиндин “Ханзада Игорь” (Князь Игорь), А. Рубинштейндин “Демон”, Ш. Гунонун “Фауст”, А.С. Даргомыжскийдин “Русалка”, П.И. Чайковскийдин “Черевички” жана “Карга айым” (Пиковая дама) опералары коюлган.

Театрга классикалык спектаклдерди коюуунун мааниси чоң: себеби алар, сүрөтчүлөрдүн жана режиссёрлордун чеберчилигинин мыкты мектеби болуп калды. Мындан тышкары улуттук репертуар боюнча кийинки жасалчу иштер үчүн база түзүлдү.

1955-жылдын май айында Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театры жаңы имаратта иштей баштайт, анын ачылышы республиканын маданий турмушунун маанилүү окуясы болуп калды. 1955-жылдын күз айларында театрдын сахнасында композиторлор К.Делибдин “Лакме”, С.Ряузовдун “Ак-Шумкар”, Р.Леонковаллонун “Паяцы” аттуу опералары коюлат. Өткөн жылдарда коюлган спектаклдер да үзбөй коюлуп турат. Хордун штаты көбөйдү. Театр 1958-жылы Москва шаарында өтө турган кыргыз адабиятынын жана маданиятынын он күндүгүнө (декада) даярдана баштайт. Декадага көрсөтүүгө композиторлор В.Власов, А.Малдыбаев, жана В.Ференин “Токтогул” жана П.И.Чайковскийдин “Опричник” аттуу опералары даярдалат.

Бул эң алгачкы коюлуп жаткан опералар, кыргыз операсынын Москва шаарындагы аткаруусунун чыныгы салтанаты болду. Театрдын жамааты кыйынчылыктарды ар намыстуулук менен жеңип чыгышты. Коюлган спектаклдер реалисттик жана кызыктуу болуп чыкты, бул operанын баардык компоненттеринин өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасында мүмкүн болду, алардын арасында хор элди чагылдырган маанилүү каарман болуп калды.

1958-жылдын акыркы айлары, опералык драматургиядагы эң татаал чыгарма болгон Джузеппе Вердинин “Аида” операсын коюу боюнча кызуу иш менен өттү. Спектаклди сахналаштыруу идеясы Москва консерваториясынын опера жана симфониялык дирижёрлук факультетинде окуусун жакында аяктаган дирижёр А.Жумакматовго таандык. Мындай чечим тайманбас чечим болду: себеби опера классикасынын таанылган шедеври солисттердин жана хордун жогорку кесипкөй курамын талап кылды. Спектакль жаркын, кызыктуу жана эсте калаарлык болду. Премьеранын ийгилигине хормейстер Султан Юсупов даярдаган фактурасы жана обондуулугу боюнча ар түрдүү болгон хорлор, соло номерлери менен бирдикте жардам берди.

1960-жылы театр, композитор М. Мусоргскийдин “Борис Годунов” операсын коюуга киришет. Бир дагы операда элдин образы мынчалык реалдуу жана көркөм жактан толук ачылган эмес. Операдагы элдин образы спектаклде олуттуу орунду ээлеген хор сценалары аркылуу өзүн-өзү аңдап билүүнүн өнүгүү динамикасында көрсөтүлгөн.

Операда ар түрдүү жанрдагы хорлор болот. Мисалы: элдик кошок стилинде “Атаке сен бизди кимге таштап жатасың”,- деген хор бар. Балдар жана аялдар хорунун аткаруусундагы селсаяк ырчылардын хору. Кроманын алдындагы сахнада – көпчүлүктүн жаңжал кылышы, элдин каарынын күчү, эң күчтүү тырышчаак, айтканынан кайтпаган хорду пайда кылды. Операда хорду массалык көрүнүштөрдө топторго бөлүү жана хор речитативинин курч, мүнөздүү интонацияларын камтыган саптарды бөлүп көрсөтүү эң сонун новатордук ыкма болгон. Ар кандай класстык топтордун жандуу музыкалык мүнөздөмөлөрү, хор жазуу ыкмаларын жаңыча жазуу, жогорку чеберчиликти талап кылган. Хордун артисттерине С. Юсуповдун жетекчилиги астында хорлордун, динамикалык жана драмалык көрүнүштөрдүн татаал полифониялык текстурасын өздөштүрүп, кылдат иштөөгө туура келди. Баары эле жипке тизгендей болуп дароо эле даяр боло калган жок, бирок репетициялар үзгүлтүккө учурабай өтүп жатты.

Жетекчинин өжөрлүгү, дилгирлиги жана командасынын чыгармачылык жактан жетилгендиги оң натыйжаларды берди. Дүйнөгө таанымал операнын премьерасы ийгиликтүү өттү.

1962-жылы Италия композитору Дж. Пуччини-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



нин “Тоска”, ал эми 1964-жылы орус композитору Н.А.Римский-Корсаковдун “Падыша Салтан жөнүндө жомок” (“Сказка о царе Салтане”) опералары коюлду. Музыка сынчысы В.В. Янковский белгилегендей, бул спектаклдердин музыкалык деңгээлин көтөрүүдө театр дирижёрлорунун, өзгөчө башкы хормейстер С.Ю. Юсуповдун ролу өзгөчө болгон.

1966-жылы композиторлор В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин “Манас” операсынын экинчи редакциясынын коюлушу, өзгөчө маданий мааниге ээ болгон. Бул баатырдык-патриоттук опера драматургиянын жана музыкалык тилдин байлыгы жана татаалдыгы менен айырмаланат. Сюжеттин өнүгүшүндө хор номерлерине өзгөчө орун берилген: алар сахнадагы болуп жаткан иш-аракеттерди байланыштыруучу звено. Операнын партитурасы хор эпизоддоруна жана ошондой эле хор – комментатор дагы, түз катышуучу дагы болгон көрүнүштөргө толгон.

Операнын негизи болгон “Манас” эпосу – бул кыргыз элинин жашоосунун энциклопедиясы. Көз карандысыздык үчүн күрөш, эркиндикти сүйгөн элдин коркпогондогу темасын театрдын башкы хормейстери Султан Юсупов хордун үнү менен ишенимдүү жана шыктануу менен элге жеткире алды.

1966-жылдын кыш айларында Москва жана Ленинград шаарларынын театрларында гастролдо көрсөтүлгөн спектакль, кыраакы көрүүчүлөр тарабынан татыктуу бааланды.

Кийинки жылдардагы оперaлык спектаклдердин репертуардык тизмеси, М. Абдраевдин “Олжобай менен Кишимжан”, В. Власов, В. Ференин “Таң атканга бир саат калганда” (“За час до рассвета”), К. Молчановдун “Белгисиз солдат” (“Неизвестный солдат”), Дж. Вердинин “Отелло”, Н.А. Холминовдун “Оптимисттик трагедия” аттуу оперaлык спектаклдер менен толукталды. Бул спектаклдердин хордук номерлерин С. Юсупов К. Алиев менен биргеликте иштеген.

1970-жылы С. Юсупов театрдын башкы директору болуп дайындалат. Административдик милдеттер көп убакытты талап кылса дагы, хормейстер өзүнүн чыгармачылык ишин таштаган жок.

Хормейстерлер Кеңеш Алиев жана Такен Сатиев менен бирге ата мекендик жана чет элдик классик композиторлорунун операларынын хордук номерлерин даярдайт. 1975-жылы композитор Калый Молдобасановдун “Саманчынын жолу” балет-ораториясынын премьерасы эң көрүнүктүү улуттук спектаклдердин бири болду. Бул спектаклде хорго өзгөчө роль берилген, анын үнү – элдин үнү. Хордун көшөгө артындагы үнү, эпостук баяндоону кошумчалап келип, аны коомдук-маанилүү мазмун менен толтурат.

Новатордук чыгарманын музыкалык тили, заманбап көркөм сөз каражаттары менен байытылган, аткаруучулардын техникалык жана көркөм чеберчилигинин автордун көрсөтмөсүнө ылайык келишин талап кылган. Хордун курамы техникалык кыйынчылыктарды жеңип чыгып, ийгиликке жетише алышты. Бул спектакль кыргыз артисттеринин чеберчилигинин эмблемасы болуп калды. Балет-ораториянын жаратмандарына СССР Мамлекеттик сыйлыгын, ал эми башкы партиянын аткаруучуларына ардактуу сыйлыктар берилди.

XX кылымдын 80-жылдарында С. Юсупов чыгармачылык кызыгуусун педагогикалык тармакка арттырып, бирок опера хорунун ишмердүүлүгүн да көңүл сыртында калтырган эмес. Кийинки жылдары театрдын хор жамаатын жетектеген хордун дирижёрлору (К. Алиев, Т. Сатиев, А. Шен, Н. Хохлова, К.Тиленчиев) улуттук хор аткаруучулугунун негиздөөчүсү С. Юсуповдун сабактарын жана тажрыйбаларын ыйык тутушкан, эстешкен жана өздөрүнүн чыгармачылык ишинде ийгиликтүү колдонушкан.

С. Юсуповдун жаркын чыгармачылык жөндөмүнө анын көп кырдуу таланттуулуугу да шык берген. Опера балет театрында иштегенден сырткары ал, өз демилгелүү хор коллективдери менен да активдүү иш алып барган.

1950-жылдан баштап Москвадан кайтып келгенден кийин, С. Юсупов өз демилгелүү хор коллективдеринин кароо-фестивалдарын өткөрүүгө активдүү катыша баштайт. 1951-жылы В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер институтунун жана Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттерин кошуп элүү аткаруучудан турган хор уюштурат. Алар өз демилгелүү коллективдердин кароо-сынактарына катышат. Москва шаарында Союздар үйүндө өткөн кароо-сынактын жыйынтыктоочу концертинде хордун аткаруусунда: Л. Молинеллинин “Тынчтыктын гимни”, “Тилек” жана “Беш ыргай” аттуу хор үчүн кайра иштелип чыккан элдик ырларды аткарышат. Угуучулардын дүркүрөгөн, узакка созулган кол чабуулары ырчылар үчүн эң жогорку сыйлык болуп калды.

1953-жылдын май айында шаардык стадиондо өткөн “Ыр майрамында” С. Юсупов беш миң адамдан турган хорду дирижирлеген. Мындай майрам 1954-жылы да өткөн. Майрамдарда колдонулган хор массивдери, республикадагы өздүк көркөм чыгармачылыгынын зор масштабын айгинеледи.

С. Юсупов партитуранын чыныгы чыгыш орнаментин жаратуу үчүн синкопалык ритмди, бирдей темптен четтөөлөрдү, эң сонун нюансатарды, түрдүү штрихтерди колдонгон. Султан Юсуповдун аранжировкалары жана кайра иштеп чыккан чыгармалары, студенттик, өз демилгелүү жана кесипкөй хор жамааттарынын репертуарына кошкон эң баалуу салымы болуп саналат.

С. Юсуповдун эң көрүнүктүү оригиналдуу хор чыгармаларынын ичинен коштоосуз хорлорду атап өтүү керек. Алар, “Россия”, “Кыз бала экен жылкычы”, “Кыз бурак”, “Кыргызстан”, “Гүлнара” “Земля

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



отцов" ("Аталардын жери"). Мында Юсупов – композитор музыканын образдуу түзүлүшүн жана улуттук мүнөзүн кылдат жана терең сезген чебер катары көрүнөт.

Төкмө акын Алымкул Үсөнбаевдин сөзүнө жазылган "Кыз бала экен жылкычы" аттуу хор жылкычы кыз башкарган тоолуу жайыттардын поэтикалык сүрөтүн тартат. Музыкада композитор комуздун кварто-квинталык интонациясын колдонуп, аттын туягынын такылдаганын берет. Бул ритм-формуласынын фонунда тенордук партиянын аткаруусундагы обон даана, ачык угулат. Тема башка үндөргө куюлушуп өнүгүп, жалпы хорго өтөт. Хордогу обондор элдик ыр элементтери менен сугарылган, ал эми гармониялык үндөштүк колориттүү.

Акын Э. Турсуновдун сөзүнө жазылган, коштоосуз, аралаш хор үчүн "Россия" аттуу хору орус жана кыргыз ырчылык маданиятынын интонациясы синтезделген. Эки элдин бир тууган достугу чыгарманын эң башкы мазмуну болуп калды. Кайрыктын өлчөнгөн кыймылы, кенен дем алуу орточо темп бастар партиясынын темасына токтоолук жана салтанат берет. Акырындык менен башка үндөрдү кошуу кеңдикти жана күч сезимин жаратат. Куплеттик форма өнүгүүнүн бүтүндүгүн бузбайт. Өзгөрүлмө өлчөм партитуранын архитектоникасынын оригиналдуулугун баса белгилейт.

С. Юсуповдун оригиналдуу чыгармалары жана аранжировкалары мыкты даярдалган хордун аткаруусуна ылайыкталып, ырчылардан вокалдык чеберчиликти талап кылат.

С. Юсуповдун жогоруда белгиленген чыгармалары да улуттук хор адабиятын байытып, республиканын хор жамааттарынын ишмердүүлүгүнө жана өнүгүшүнө жана аткаруу стилинин калыптанышына өтө чоң роль ойноду. Ал чыгармалар бүгүнкү күнгө чейин педагогикалык жана концерттик практикада талап кылынып аткарылып келет жана бүгүнкү күнгө чейин театрдын хор коллективинин репертуарында аткарылып келет. Профессор С. Юсуповдун чыгармаларын аткарган дирижёр-хормейстерлердин бир нече муундары өздөрүнүн келечектеги кесибинин негизин, маңызын түшүнүшкөн.

Султан Юсупович Юсупов (1918-2004) – дирижёр-хормейстер, чыгармачыл интеллигенциянын жаркын өкүлү, хор аткаруучулуктун, ал эми жалпысынан алганда Кыргызстандын музыкалык, профессионалдык искусствосунун калыптанышына жана өнүгүшүнө зор салым кошкон. Анын чыгармачылык жолу – искусствого берилген кызматтын эталону. С.Ю. Юсуповдун эмгеги Кыргызстан жана Казакстандын өкмөттөрүнүн Ардак грамоталары, Кызыл Туу, Элдердин достугу жана Даңк ордендери, Кыргыз Республикасынын Эл артисти деген ардактуу наамдар менен белгиленген.

С.Ю. Юсупов азыркы муунга жаркын эстелик калтырып дүйнөдөн кайтты. Ал мыкты педагог жана сүрөтчү, коомдук ишмер, камкор ата жана жөн гана жакшы адам – өз мекенинин татыктуу инсаны болгон.

**Адабияттар:**


1. Алагушов Б. Кыргыз музыкасы. / Энциклопедия. - Б.: Бийиктик, 2007. - 524-525-бб.
2. Бруг Л.П., Хохлова Н.И. Хормейстер Султан Юсупов. - Бишкек, 2008.
3. Янковский В.В. Музыкальная культура Советской Киргизии (1917-1967). - Ф.: Илим, 1982. - 72. - 108 бб.
4. Тиленчиев К.А. Развитие кыргызского хорового исполнительского искусства. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. - №. 12. - С. 239-242
5. Тиленчиев К.А. Работа с детским хором. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 9. С. 212-215